**БЕКИТЕМИН**
**А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, педагогика илимдеринин доктору, профессор Б.Б. Зулуев**

________________________

«___» ________________2025-ж.

**Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык карттары» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине**

# ЖЕТЕКТӨӨЧҮ МЕКЕМЕНИН РАСМИЙ ПИКИРИ

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи – педагогика илимдерининин доктору, профессор Чыманов Жеңишбек Арыпович.

1. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз тилин эне тили катары өзүнчө предмет болуп окутулушунун тарыхы бир кылымдан ашты. Кыргыз тилин окутуу октябрь революциясына чейин башталып (И. Арабаев, Х. Сарсекеев. “Алиппе жаки төтө окуу” китеби, 1911-жыл), Совет мезгилинде жүргүзүлүп, эгемендикке эл болгондон кийин да улантылып келет. Бул процесс кыргыз эли барында, Кыргыз Республикасы турганда окутула берүүчү коомдук-социалдык мыйзамдуу көрүнүш катары жүрө бермекчи.

Окутуу-үйрөтүү боюнча жүз жылдан ашык тарыхы бар кыргыз тилин окутуу процесси мезгилдин суроо-талаптарына жараша айрым өзгөрүүлөргө, толуктоолорго дуушар болуп, жакшыруу, өркүндөө багытындагы иш-аракеттер талашсыз жүрүп келет да окутуунун мазмуну менен окутуунун формасы олуттуу өзгөрүүлөргө ээ болбостон, негизинен, алгачкы мазмуну менен алгачкы формасын толук сактап келе жатат. Ал эми сабак жөнүндө орус педагог-окумуштуулары XIX, XX жана XXI кылымдарда (К. В. Ельницкий, В. П. Шереметовский, П. О. Афанасьев, Н. К. Кульман, К. А. Москаленко, Л. Я. Лернер, И. Н. Скаткин, А. В. Текучев, Ю. Б. Зотов, М. М. Махмутов, Б. Т. Панов, В. А. Онищук, Е. Н. Пассов ж. б. ) өз изилдөөлөрүн арнап, ондогон методикалык эмгектерди жазышкан. Жалпы эле сабактын, анын ичинде кыргыз

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 145 «16» 01 2025 ж/г

тили сабагынын теориялык жана практикалык маселелери боюнча да эмгектер жазылып, алар сабактын натыйжалуулугун арттырууга кызмат кылып келет. Атап айтсак С. Нааматов, К. К. Сартбаев, С. Үсөналиев, И. Б. Бекбоев, Э. Мамбетакунов, Б. Исаков, Б. Өмүралиев, А. Осмонкулов, С. О. Байгазиев, А. Алымбеков, А. Муратов, Ж.А. Чыманов, С. К. Рысбаев, К. Д. Добаев, А.С. Мукамбетова, М.М. Сыдыкбаева, К.Э. Эсеналиева, А. Бектурова ж. б. эмгектери азыркы учурда да пайдаланылып келет.

Изилдөөнүн методологиялык негизи катары төмөнкүлөр алынды:

– тил илиминин теориясы менен практикасынын өз ара байланышы, айкалышы жөнүндөгү негизги жоболор, дүйнөнү таанып-билүүгө жана кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатууга байланыштуу психологиялык, жалпы педагогикалык, методикалык эмгектер;

– окутуу жана тарбиялоо жөнүндөгү педагогикалык ойдун классиктеринин жаңы багыттары жана окутуунун жаңы идеялары: тажрыйбалуу алдыңкы мугалимдеринин окутууда колдонулуучу натыйжалуулуктун методикалык шарттары;

– Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү”, “Мамлекеттик тил” жөнүндөгү мыйзамдары, Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы, кыргыз тилинен билим берүү концепциясы жана мамлекеттик стандарты ж.б. нормативдик документтер.

Жалпы эле сабак, анын ичинде, кыргыз тили сабагы жөнүндө бир катар эмгектер, сабактын үлгүлөрү иштелип чыгып, практикага сунуш кылынганы менен кыргыз тилин окутууда, сабак өтүүдө бир катар карама-каршылыктар окутуу процессинде орун алып келе жатат. Алардын негизгилери мына булар: биринчиден, кыргыз тили сабагы илимий-теориялык жактан кыйла иштелип, көптөгөн тажрыйбалар топтолсо да сабакта коюлган максаттар толук ишке ашпай, кыргыз тили сабагы мектептеги предметтердин ичинен кызыксыз сабактардын катарында калып келет, экинчиден, кыргыз тилин окутуунун методикасы илими азыркы суроо-талаптарга жооп бергендей ондогон эмгектерди жаратса да, кыргыз тили боюнча өтүлүүчү сабак өзүнчө изилдөөнүн, диссертациялык иштин темасы катары иштелбей келет, үчүнчүдөн, мектептер, кыргыз тили жана адабияты кабинеттери азыркы жабдыктар, керектүү каражаттар менен жабдылып, кыргыз тили боюнча сабакты уюштуруп, өткөрүүгө кыйла жакшы шарттар түзүлгөндүгүнө карабастан, кыргыз тил сабагынын натыйжалары али да төмөн бойдон калып келет ж. б.

Аныкталган ж. б. карама-каршылыктарды жоюу жана ал аркылуу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун шарттарын жана ык-жолдорун аныктоо ишибиздин актуалдуулугун айкындап, көрсөттү.

Проблеманын мындайча коюлушу изилдөөбүздүн темасын: **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары» –** деп аныктоого шарт түздү.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө программалары, иштери менен болгон байланышы:** Диссертациялык изилдөөнүн темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**2. Изилдөөнүн натыйжаларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы, изденүүчүнүн диссертациясында жазылган тыянактары жана корутундулары.** Ишти жүргүзүүдө алдын ала аныкталып белгиленген методологиялык негиздердин алкагында предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык өңүттөн үйрөнүүгө, анализдөө жана синтездөө жолу менен жүргүзүлгөндүгүндө.

**3. Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү ой-сунуштар, берилген үлгүлөр кыргыз тили мугалимдерине сабакты даярдоого, план түзүүгө, уюштурууга жана сабакты өткөрүүгө даяр теориялык жана практикалык маалыматтарды бере алгандыгы “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” курсунун сабак боюнча мазмунун байытууга кызмат кылгандыгы, кыргыз тили сабагын азыркы талапка ылайык жүргүзүүгө керектүү материалдарды бере алгандыгы менен түшүндүрүлөт:

**4.Изденүүчүнүн жеке салымы.**Темага байланыштуу илимий-методикалык эмгектерди, практикалык иштелмелерди окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, сабактын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык негиздери, сабактын үлгүлөрү изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды. Педагогикалык эксперименттин иш-аракеттер изденүүчү тарабынан же анын көрсөтмөсү боюнча ишке ашырылды. Корутундулар, практикалык сунуштар изденүүчүнүн жекече иштөөсү аркылуу аткарылды.

**5. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү**. Ишти аткаруу убагы белгиленген методологиялык таянычтарга негизделип, предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык жактан үйрөнүп, талдоо жана топтоо жолу менен максатка жеткендигинде.

**6. Изилдөөдө төмөнкүдөй жаңы натыйжалар алынган:**

***Биринчи натыйжа***. Кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугунун арттыруунун методикалык шарттары иштелип чыккан;

***Экинчи натыйжа***. Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык сабактын конкреттүү максаттары, милдеттери иштелип чыккан;

***Үчүнчү натыйжа.***Кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда сабактын максаттары, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелер иликтенген жана иштелип чыккан.

***Төртүнчү натыйжа.*** Окутуунун жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздерин талапка ылайык иштелип чыккан.

**7. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана корутундулардын негизденүү даражасы.**

Изилдөө ишинин натыйжалары бардык жактан негизделген. Диссертациянын максат жана милдеттерин чечүү үчүн адекваттуу изилдөө методдору пайдаланылган.

Орто мектептерде кыргыз тилин окутуу боюнча предметтик стандарттар, окуу программалары, окуу китептери, хрестоматиялар пайдаланылып, андан тышкары окутуунун методикасы боюнча көптөгөн эмгектери анализденген.

**8. Диссертациялык изилдөөдөн алынган илимий жыйынтыктардын, корутундулардын жана тыянактардын жаңычылдык даражасы.**

**Биринчи жыйынтык** - жаңы, себеби, азыркы учурдагы окуучулардын укуктарынын өзгөчө корголушу, алардын билим алууга, кыргыз тилин окууга болгон кызыкчылыктарынын төмөндөшү ж.б. жүйөөлөр кыргыз тили мугалимдерине окуучулардын ар бирин, ар-бир класстын өзгөчөлүгүн эске алып, инсанга багыттап окутуунун талаптарынын зарылдыгы тастыкталган.

**Экинчи жыйынтык -** жаңы, себеби кыргыз тили боюнча өтүлүүчү ар бир сабактын максаты темага ылайык тандалып, ошол сабакка ылайык окутуунун ык-жолдору жана каражаттары тандалып алынат. Тандалып алынган ык-жолдор өзгөрүүсүз, милдеттүү түрдө сабак прроцессинде толугу менен, ошол турушунда колдонулушу шарт эмес. Сабак процессинде жүрүшү андагы түзүлгөн жагдай, шарт, кырдаалдарга жараша өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Анткени сабактын натыйжалуулугун алдын-ала пландаган ык-жолдор гана эмес, сабактагы ыңгайга жараша колдонулган башка ык-жолдор, каражаттар да жогорулатууга кызмат кыла алат.

**Үчүнчү жыйынтык -** жаңы, себеби кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө болуучу методикалык шарттар боюнча иштелип чыккан дидактикалык шарт-талаптар, методикалык аныкталган шарттары, аларды практикада колдонуу боюнча биз иштеп чыккан ой-сунуштардын, жоболордун алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин педагогикалык-эксперименттин иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыктады жана пайдалануу үчүн сунуш кылууга негиз болду.

**9.Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар тарыхый-логикалык жана методологиялык жактан системалуулугу, мазмундук тереңдиги, ырааттуулугу менен мүнөздөлөт. Диссертациялык иштин натыйжалары илимий-теориялык жактан далилдүү болуу менен кыргыз элинин салттык педагогикалык маданиятына жана эмпирикалык тааным тажрыйбасына негизделген, ар

кандай деңгээлдеги илимий-практикалык конференцияларда, илимий-методикалык колдонмолордо апробациядан өткөн.

**10. Негизги жоболордун, корутундулардын жана натыйжалардын публикацияларда толук чагылдырылышы:** УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган; илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган; сабактар, семинар-тернингдер өткөрүлгөн; педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**11. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Черикчиева Гулмира Мейманбековна тарабынан 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазылган «**Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** аттуу автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**12.Диссертациянын мазмунунда байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

Иште айрым компьютердик техникалык каталар кездешет.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүк принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

**13. Диссертациянын КРдагы УАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун №11-пунктунун талаптарына ылайыктуулугу.**

Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган жана педагогика илими үчүн олуттуу мааниси бар изилдөө катары кароого болот.

Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» жобонун № 10 пунктуна ылайык коюлган талаптарына толук жооп берет. Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы диссертациясына пикир А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу ошондой эле кыргыз тили жана адабияты кафедраларында кенейтилген жыйынынын 2025-жылдын 9- январдагы отурумунда (протокол №5) каралды.

**Катышкандар:**

1. Зулуев Б.Б. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Сакиева С.С.- педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
3. Саттарова А.Т.-педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
4. Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5. Даминова И.Д. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Абдывасиева З. – педагогика илиминин кандидаты, доцент (13.00.02);
7. Миңбаева К.Б.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
8. Келдибай кызы Майрам. - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.01.01);
9. Оморова Т.М. - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.01.01 );
10. Токтосунова А.М. - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.01);
11. Акматова Ч.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, (13.00.02);
12. Умарова Р.Н.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
13. Абдибалиев Э.А.-педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
14. Мусаканова М.М. - улук окутуучу;
15. Тиллабаева А.М. - улук окутуучу;
16. Кожобекова Н. - улук окутуучу;
17. Мадалиева С.А.- улук окутуучу;
18. Какиева Г.А.-окутуучу;

**Отурумдун төрагасы,**
**Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасынын башчысы,**
**п.и.к., доцент:** **Касымбеков Э.А.**

**Кыргыз тили жана адабияты**
**кафедрасынын башчысы,**
**ф.и.к., доцент:** **Келдибай кызы М.**

*Э.А. Касымбеков жана Келдибай кызы Майрамдын колдорун тастыктайм.*

ОшМПУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы Кадыралиева А.Б.

Кадрлар бөлүмү / Отдел кадров

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.23.673 16.01.2025 г
Уч. сек. ДС Оморбаева

Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Кыргызский государственный университет им И. Арабаева
Колтамгасын тастыктаймын
Подпись заверяю